DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Ташмаматов А.А., Жусупбаев К.К., Мурзаканов М.А.*

# ИЧКИ ИШТЕР ТАРМАГЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУНУ УЮШТУРУУГА ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

*Ташмаматов А.А., Жусупбаев К.К., Мурзаканов М.А.*

# ВЛИЯНИЕ ОТРАСЛИ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ НА ОРГАНИЗАЦИЮ ГОСУДАРСТВЕННОГО УПРАВЛЕНИЯ

*A.A. Tashmatatov, K.K. Zhusupbaev, M.A. Murzakanov*

# THE INFLUENCE OF THE INTERNAL AFFAIRS BRANCH ON THE ORGANIZATION OF PUBLIC ADMINISTRATION

*УДК: 34.342*

*Макалада Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын мамлекеттик башкарууга тийгизген таасири каралган. Авторлордун көз караштары боюнча мыйзам чыгаруучулар тарабынан азыркыга чейин ички иштер органдарынын мамлекеттик кызматта орду чон жана мамлекетик башкарууга өз салымын кошуп келүүдө. Автордун көз карашы боюнча ушул сыяктуу жагдайлар бир кыйла иретке салынган мамлекеттик кызматынын түрү катары, Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын кызмат өтөө укугун кароого мүмкүндүк берет. Ички иштер органдарынын мамлекеттик кызматы – бул мамлекеттик бийликтин механизминдеги өзгөчө орунду ээлген мамлекеттик кызматтын түрү, ал жарандардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылууга, кылмыштуулукка жана бузууларга каршы аракеттенүү аркылуу тартипти жана мыйзамдуулукту чыңдоодо өзгөчө каражаттарга ээ. Мунун натыйжасында ички иштер органдарынын мамлекеттик башкаруудагы илимий жана практика жүзүндө сыноодон өткөн укуктук ченемдер менен жөнгө салынышы, ошондой эле, коомдун муктаждыгына жооп бериши керек.*

***Негизги сөздөр:*** *ички иштер органы, конституциялык укук, укуктун ченемдери, мамлекеттик кызмат, реформалоо, кесипкөй ишмердүүлүк, кылмыштуулук, ыкмалар, жарандардын укуктары, мыйзамдуу кызыкчылыктар.*

*В статье рассматривается влияние органов внутренних дел Кыргызской Республики на государственное управление. По словам автора, законодатели по-прежнему играют важную роль в государственной службе полиции и вносят свой вклад в государственное управление. С точки зрения автора, такие обстоятельства позволяют рассматривать право прохождения службы в органах внутренноих дел Кыргызской Республики как более упорядоченный вид государственной службы. Государственная служба МВД – это вид государственной службы, занимающий особое место в механизме государственной власти, имеющий особые средства обеспечения прав и законных интересов граждан, укрепления правопорядка путем противодействия преступности и правопорядка нарушения. В результате правоохранительные органы должны регулироваться научно и практически проверенными правовыми нормами в сфере государственного управления, а также соответствовать потребностям общества.*

***Ключевые слова:*** *орган внутренних дел, конституционное право, нормы права, государственная служба, реформирование, профессиональная деятельность, преступность, методы, права граждан, законные интересы.*

*The article examines the influence of the internal affairs bodies of the Kyrgyz Republic on public administration. According to the author, legislators still play an important role in the State police service and contribute to public administration. From the author's point of view, such circumstances allow us to consider the right to serve in the internal affairs bodies of the Kyrgyz Republic as a more orderly type of public service. The State Service of the Ministry of Internal Affairs is a type of public service that occupies a special place in the mechanism of state power, has special means of ensuring the rights and legitimate interests of citizens, strengthening law and order by countering crime and law enforcement violations. As a result, law enforcement agencies should be regulated by scientifically and practically proven legal norms in the field of public administration, as well as meet the needs of society.*

***Key words:*** *internal affairs body, constitutional law, legal norms, public service, reform, professional activity, crime, methods, citizens' rights, legitimate interests.*

Макаланы баштаардан башта мамлекеттик башкаруу деген эмне жөнүндө түшүндүрмө берсем. Мамлекетти башкаруудагы органдардын милдеттери – мамлекет тарабынан жүктөлгөн милдеттерди жана функциялардын ишке ашырууга байланышкан мамлекеттик ишмердүүлүктүн тариздеринин бири, мамлекеттик башкаруу жана аткаруу ишмердүүлүгүндө чагылдырылат. Мамлекет башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн мазмуну мамлекеттин башкы милдеттери жана негизги функциялары менен аныкталат. Мамлекет башкаруу мамлекеттик органдардын аткаруучу жана буйрук берүүчү ишмердүүлүктөрүнөн куралат. Мамлекет башчысы органдары жогорулаган сайын, буйрук берүү укуктары берилет. Мамлекет башкаруу органдары актыларды, башкача айтканда милдеттүү түрдө аткарыла турган иш кагаздарын жазып чыгышат. Актыларга чечимдер, токтомдор, буйруктар, жоболор жана көрсөтмөлөр кирет. Өзүлөрүнүн ишмердүүлүгүндө:

- Мамлекет башкаруу органдары башкарылгандардын жүрүм-турумуна жана ишмердүүлүгүнө таасирин көрсөтө турган, негизинде ынандыруучу жана таасир көрсөтүүчү ыкмаларды колдонушат жана жөнгө салат. Мамлекет башкаруу органдары мамлекеттик бийликтин органдарынын алдында баяндама беришет.
- Мамлекеттик бийликтин түзүмү Кыргыз Республикасынын президенти тарабынан жетекчилик

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



кылат. Демократтиялык мамлекеттерде бийликти жана башкаруучу мыйзамдардын негизинде, аны жүзөгө ашыруу үчүн иш аракет жасашат. Алардын ишмердүүлүгү мыйзамда көрсөтүлөт [3, 8-берене].

Мындан сырткары мамлекттик башкарууну жакшыртуу жана өнүктүрүү үчүн 2018-жылдан 2040-жылга чейин атайын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын иштеп чыгышкан.

Өлкөдө эркин жана көз карандысыз демократиялык мамлекеттин болушун камсыз кылууга жөндөмдүү мамлекеттик башкаруунун түзүмү түзүлөт, анда инсандын, өмүрү, саламаттыгы, укугу жана эркиндиги мыйзамдардын негизинде корголот. Мамлекеттик башкаруу түзүмдөрү жана коомдук келишимдердин мыйзамдын үстөмдүгүн, инсандардын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин жүзөгө ашырылышын, социалдуулукту, экономикалык жетишкендикти жана калктын руханий өнүгүүсүн камсыз кылат. Мамлекеттик башкарууда аткаруу бийлигинин пландарынын алкагында ишке ашырылган талапка ылайыктуу маалыматтык каражаттар колдонулат жана жогорку билимдүү жана үрп-адаттык сапатты айкалыштырган адистер эмгектенип иш алып барат. Жактардын кызыкчылыктарын караган, мүчүлүштүктөр жок, ченемдик укуктук актылардын карама-каршылыгы жок мыйзамдар колдонулат, колдонулган эрежелер же көрсөтмөлөр жөнөкөй жана түшүнүктүү болууга тийиш.

Кыргызстан мамлекети башкарууда жана өнүктүрүүдө демократиялык принциптерди колдонулат. Мамлекеттик чечимдерди кабыл алуудагы ыраттуулукту колдонуу калктын баардык катмарына тартууга элдердин эрки эске алынат.

Санарипттик мезгилде ачык кызмат көрсөтүү түрүнө өтүү мамлекеттик башкарууну өнүктүрүүнүн идеясы болот, мында анын негизги орду бардык катышуучулар үчүн эрежелерди жана көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу абзел, бирдейликти жана коопсуздукту камсыз кылууда, зарыл шарттарды түзүү, колдоо жана кызмат көрсөтүүлөрдү түз көрсөтүү кызматтарын коомдук жана жеке уюмдарга акырындык менен жеткирүү болуп саналат.

Саясий бөлүмдөрдү мындан ары жанылоо саясий туруктуулукту камсыздоого жана саясий күчтөрдү мамлекетти өнүктүрүү багытталууга тийиш.

Саясий система коомдун бардык ири бөлүмдөрүн кызыкчылыктарын эске алуунун, туура жана бирдей келген чечимдерди иштеп чыгуунун негизинде өнүгүү максаттарынын карама-каршы келбей турган коомду камсыздашы керек.

Көрсөтүлгөн өнүгүү чечимдерди жүзөгө ашыруу үчүн жоопкерчилик саясий системанын бардык катышуучуларын, бийликтин өкүлчүлүктүү органдары, жарандык биримдикти кошкондо жүктөлүүгө тийиш.

Мамлекеттик башкаруунун жетишкендигин маанилүү чечимдери жана көрсөтмөлөрү жарандардын ишеними болуп саналат, ал төмөнкүлөр менен камсыз кылынат:

– жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылган жана коомдук жана улуттук тажрыйбаны эске алуу менен иштеп чыгылган натыйжалуу жана ачык мыйзамдарга негизденген мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын таза жана ачык шайлоолор;

– мамлекеттик жана коомдук иштерди башкарууда жарандардын катышуусунун кенири мүмкүнчүлүктөрү, жарандардын ачык маалымат алууга укуктары, мамлекеттик органдардын алдындагы коомдук кеңештерди кеңири колдонуу аркылуу бардык деңгээлдердеги мамлекеттик бийлик органдарынын ишине натыйжалуу контролдукту ишке ашыруу, мамлекеттин жана жарандык коомдун өз ара аракеттенүүсүнүн башка түрлөрү [3, 9-берене].

Жарандардын мамлекеттик башкарууда катышуусу, ошондой эле мамлекеттик жана коомдук турмушта ар кандай маселелер боюнча жалпы улуттук жана жергиликтүү референдумдарды кеңири колдонуусун болжолдойт;

- жарандын укуктарын жана анын мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуучу сот адилеттигинин жана көз карандысыз системасы менчиктин кол тийбестигин кепилдейт;

– жарандардын муктаждыктарына жана керектөөлөрүнө мамлекеттин жооп кайтаруусу, ал жарандардын даттануулары жана арыздарын кабыл алуунун тездетилген жана натыйжалуу системасы жана аларды кароо, ошондой эле жарандардын петицияларына жооп кайтаруунун так механизминин болушу менен камсыз кылынат;

– мамлекеттин бийгилиги мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасынын болушу менен камсыз кылынат, алардын функциялары жана ыйгарым укуктары алардын ортосунда натыйжалуу ооздуктоо жана тен салмактуулук системанын болушу менен так жана кош маанисиз бөлүштүрүлөт жана бул функциялар жана ыйгарым укуктар ачык жана деталдуу жазылган жол-жоболорго ылайык жогорку квалификациялуу жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын жана саясатчылардын патриоттук корпусу тарабынан ишке ашырылат [4, 321-б.].

Ушул жазылган пландар боюнча ички иштер органдары да өзүнүн функцияларын аткаруу менен мамлекеттик башкарууга өз салымын кошууда:

- коомдук тартипти, инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыз кылуу менен.

- кылмыштуулукка каршы күрөшүү менен.

- ыйгарым укугунун чегинде бузуулар жөнүндө

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



иштер боюнча өндүрүштү жүзөгө ашыруу жана жазаларды аткаруу менен.

- ыйгарым укугунун чегинде жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу жана ушул чөйрөдөгү көзөмөлдөгө-уруксат берүү чараларын ишке ашыруу.

Ички иштер органдарын мыйзамдарда каралбаган милдеттерди аткарууга тыюу салынат. Мыйзам тарабынан түздөн-түз бийлик – укук берилген органдардан жана кызмат адамдарынан башка эч ким ички иштер органдарынын ишине кийлигишүүгө укуксуз.

Ички иштер органдары өз ишинде жарандардын укугун урматтоого негизденишет жана алардын жарандыгына, социалдык, мүлктүк жана башка абалына, расалык жана улуттук таандуулугуна, жынысына, курагына, билимине жана тилине, динге болгон мамилесине, саясий жана башка ишенимдерине, иштеген ишинин түрүнө жана мүнөзүнө карабастан ар бирин коргоонун кепили болуп саналат.

Жактардын укуктарына жана эркиндиктерине ар кандай тыюу салууга мыйзамдарда каралган негиздерде жана тартипте гана жол берилет [1,16-берене]

Инсандар өздөрүнүн укуктарынын жана эркиндиктеринин, милдеттери ички иштер органдарынын кызматкерлеринен түшүнүк алууга укуктуу.

Ички иштер органынын кызматкеринин аракети менен өзүнүн укугуна, эркиндигине жана мыйзамдуу таламдарына зыян келтирилди деп эсептелген адамдар бул аракеттерге ички иштер органынын жогору турган органына же кызмат адамына, прокурорго, ошондой эле сотко даттанууга укуктуу.

Ички иштер кызматы тарабынан кармалгандарга жана соттолгон жактарга юридикалык жардам көрсөтүү укугун ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берип, алардын жашаган жери жөнүндө туугандарына, иштеген же окуган жериндеги жетекчиликке билдиришет.

Зарыл болгон учурда ички иштер кызматтары жарандарга токтоосуз түрдө медициналык жана башка жардам көрсөтүүгө, ошондой эле бузуу жасаган адамдарды кармоонун, соттоонун натыйжасында жарандардын өмүрүнө, саламаттыгына же мүлкүнө келтирилген коркунучту четтетүүгө карата чараларды көрүшөт.

Авторлор мамлекеттик кызматын: башкаруу, атайын жана аскердик; мамлекеттик органдарда (мамлекеттик аппаратында) жана куралдуу түзүмдөрдүн кызматында (куралдуу күчтөр, ички аскерлеринин, чек ара аскерлеринин ж. б.) кызмат өтөгөн; жарандык жана милитаризциялаңган – деп ар кандай бөлүмдөргө бөлүшкөн. Буга карабастан ички иштер органдарындагы мамлекеттик кызмат өтөөдө кээде «мамлекеттик кызмат» жана «мамлекеттик кызматкерлер» түшүнүгүнүн мазмунундагы аналогиялар жана түз параллелдиктер эсепке алынбайт, ал эми, илимий ой-пикирлердин көпчүлүгү Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарындагы кызмат өтөө, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын түрүн таануу бөлүгү менен дал келет. Ошондуктан эгер Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматын тектик объекти катары карасак, анда ички иштер органдарындагы кызмат өтөө ага карата түрдүк объекти катары чыгарын кароого болот. Ошондо ага Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын милдеттери менен иш-аракеттеинен келип чыгышына тиешелүү спецификалык мүнөздөмөлөрү катары, ошол эле Кыргыз Республикасынын Негизги Мыйзамдарынын жоболору менен тыгыз байланышкан мамлекеттик кызматынын жалпы мүнөздөмөсүнө таандык болот. Мамлекеттик кызматтын бул түрүнүн өзгөчөлүгү баарыдан мурда, кызматкерлердин кесипкөйлүк ишмердүүлүгү бирдиктүү дисциплиналардын негизинде уюштурулушун жана ишке ашырылышын көрсөтөт.

Муну менен бирге эле кызмат өтөөнүн өзгөчө тартибин колдонуудагы мыйзамдар аныктайт, мында атайын милдеттеринин тизмеги, укуктук чектөөлөр, укугу жана жеңилдиктери каралган, ошондой эле, катардагы жактын жана жетектөөчү курамынын жоопкерчилигин белгилеген. Ички иштер органдарындагы мамлекеттик кызматтын негизги функциялары атайын алардын чөйрөсүнө бөлүнгөн өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде мамлекеттик башкарууну жүргүзүшөт, бул органдардын ишмердүүлүгүндөгү ошол багыттарын ишке ашырууга көмөктөшөт. Ички иштер органдарындагы мамлекеттик кызматынын милдеттеринин жалпы проблемаларын түшүнүүдөн улам, анын кең жана тар маанисин кароо зарыл. Кең маанисинде Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын алдында алардын жогорудагыдай бардык милдеттери камтылган.

Жогорудагы айтылган укук жана милдеттери менен биргеликте ички иштер тармагы мамлекеттик башкарууну уюштурууга өз салымын кошуп келет жана кошо берет десек болот.

**Адабияттар:**

1. КРнын Конституциясы 27.06.2010. (жан. ред. 28.12.2016.).
2. КРнын «Бузуулар жөнүндө кодекси» 16.12.2017. №245.
3. КРнын ички иштер органдары жөнүндө мыйзамы 11.01.
4. 1994-ж.№1360 (жан. ред. 22.01.2021-ж №11)
5. Шерипов Н.Т. Административное право КР. - Б., 2016.
6. Алымкулов С.А. Административное право КР. - Б., 2001.
7. Агапов А.Б. Административное право РФ. - М., 1997.
8. Ташмаматов А.А., Асилбек У.У. Оорганизация административной и правовой поддержки правительства в настоящее время./Известия ВУЗов Кыргызстана. 2016. №.12. С.129-130.
9. Мурзаканов М.А., Истамкулов Ж.У. Юридически-правовой состав административного правонарушения по законодательству Кыргызской Республики./Известия ВУЗов Кыргызстана. 2015. №. 5. С. 274-277.